УДК: 37
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-175-180

**КОНГАЙТИЕВА С.А., ЭСЕНАЛИЕВА С.Т.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**КОНГАЙТИЕВА С.А., ЭСЕНАЛИЕВА С.Т.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**KONGAITIEVA S.A., ESENALIEVA S.T.**
KNU Jusup Balasagyn

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНА КЕП МАДАНИЯТЫН ОКУТУУ: ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## ОБУЧЕНИЕ КУЛЬТУРЕ РЕЧИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ: НАУЧНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ

## TEACHING SPEECH CULTURE TO PRIMARY SCHOOL STUDENTS: SCIENTIFIC AND PEDAGOGICAL FOUNDATIONS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада башталгыч класстарда окуучуларга кеп маданиятын үйрөтүүнүн мааниси, мазмуну жана педагогикалык негиздери каралат. Автор окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн, психологиялык кабыл алуу деңгээлин эске алуу менен, алардын адабий тилди өздөштүрүү процессинде маданияттуу жана түшүнүктүү сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу зарылдыгын белгилейт. Кеп маданияты – бул адабий тилди ордунда, так жана ылайыктуу колдонуу, сылыктык, ойду логикалык жана эркин билдирүү жөндөмү катары түшүндүрүлөт. Макалада үй-бүлө, мектеп жана мугалимдин орду өзгөчө баса белгиленип, башталгыч класстарда колдонууга ылайыктуу методдор – оюн элементтери, көркөм окуу, драмалаштыруу ж.б. сунушталат. Ошондой эле, улуттук нарк-насилди, элдик оозеки чыгармачылыкты колдонуу аркылуу балдардын тилге болгон кызыгуусун арттырып, эстетикалык даамын жана тилдик интуициясын өнүктүрүү мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн. Кеп маданиятын окутуу – бул баланын интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этүүчү фактор экендиги негизделет. Макала мугалимдерге, методисттерге жана башталгыч билим берүү тармагында иштеген адистерге арналат.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются значение, содержание и педагогические основы обучения культуре речи учащихся начальных классов. Автор подчеркивает необходимость формирования у младших школьников навыков грамотной и понятной речи в процессе освоения литературного языка, учитывая их возрастные особенности и уровень психологического восприятия. Культура речи определяется как умение уместно, точно и корректно использовать литературный язык, проявлять вежливость, логично и свободно выражать мысли. Особое внимание в статье уделяется роли семьи, школы и учителя, а также предлагаются методы, подходящие для начального образования – игровые элементы, выразительное чтение, драматизация и другие. Также отмечается, что использование национальных ценностей и устного народного творчества способствует повышению интереса детей к языку, развитию эстетического вкуса и языковой интуиции. Обучение культуре речи рассматривается как важный фактор, напрямую влияющий на интеллектуальное и духовное развитие ребенка. Статья предназначена для учителей, методистов и специалистов в области начального образования.

**Abstract:** This article explores the significance, content, and pedagogical foundations of teaching speech culture to primary school students. The author emphasizes the importance of developing clear and literate speech skills in young learners as they master the literary language, taking into account their age-related characteristics and level of psychological perception. Speech culture is defined as the ability to use literary language appropriately, accurately, and politely, as well as the capacity to express thoughts logically and freely. The article highlights the crucial role of the family, school, and teacher, and proposes methods suitable for primary education, such as play-based activities, expressive reading, dramatization, and others. It also notes that incorporating national values and folk oral traditions can enhance children's interest in language, refine their aesthetic taste, and develop linguistic intuition. Teaching speech culture is presented as a key factor that directly influences the intellectual and spiritual development of a child. The article is intended for teachers, methodologists, and professionals working in the field of primary education.

**Негизги сөздөр:** кеп маданияты; башталгыч билим берүү; кичи мектеп курактагы окуучулар; адабий тил; педагогикалык ыкмалар; жаш өзгөчөлүктөр; элдик оозеки чыгармачылык; эстетикалык тарбия; сүйлөө ишмердүүлүгү; психологиялык-педагогикалык ыкма.

**Ключевые слова:** культура речи; начальное образование; младшие школьники; литературный язык; педагогические методы; возрастные особенности; устное народное творчество; эстетическое воспитание; речевая деятельность; психолого-педагогический подход.

**Keywords:** speech culture; primary education; young schoolchildren; literary language; pedagogical methods; age characteristics; oral folk art; aesthetic education; speech activity; psychological and pedagogical approach.

Кыргыз тилин окутуунун өзөгүн түзгөн негизги маселелердин бири – кеп маданияты. Кеп маданияты – бул тилдин жогорку деңгээлде колдонулушу, ойду ачык, так, туура жана таасирдүү билдирүү чеберчилиги. Бүгүнкү күндө бул түшүнүк тил илиминде гана эмес, билим берүүнүн бардык баскычтарында, айрыкча башталгыч билим берүү этабында өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Анткени дал ушул этапта окуучулар тилинин байлыгын өздөштүрүп, оозеки жана жазуу формасындагы коммуникациянын алгачкы маданиятын үйрөнүшөт.

Башталгыч класстардагы билим берүү мазмунунда кеп маданиятына багытталган ишмердүүлүктөр өзгөчө мааниге ээ. Бул куракта балдар жаңы тилдик бирдиктерди өздөштүрүп, сөз айкашын түзүү, сүйлөм куруу, ойду билдирүү сыяктуу аракеттерди активдүү үйрөнүшөт. Алгачкы тилдик көндүмдөрдү туура багытта өнүктүрүү – келечекте адабий тилдин нормаларына ылайык сүйлөй билген, өз оюн так жана маданияттуу билдире алган инсандын калыптанышына шарт түзөт. Ал билим берүү чөйрөсүндө гана эмес, мектептен сырткары ар кандай социалдык жана практикалык ишмердүүлүктүн негизинде калыптанат [12].

Кеп маданияты боюнча жүргүзүлгөн илимий эмгектер, мисалы, С.Давлетов, С.Үсөналиев, Т.Токоев [8] ж.б. тарабынан жазылган иштерде, анын тил илиминин гана эмес, педагогика, психология, эстетика, логика, социология сыяктуу тармактар менен тыгыз байланышта экени белгиленген. Бул байланышты түшүнүү жана окутуу процессинде эске алуу башталгыч класстардын окуучуларына кеп маданиятынын негиздерин түшүндүрүүдө маанилүү.

Кеп маданиятынын маанисин биринчи жолу кыргыз тил илиминде көтөрүп чыккан илимпоз К. Тыныстанов болгон. Ал кептик норма жана тилдик нормалар боюнча алгачкы түшүнүктөрдү иштеп чыккан. Кийинчерээк бул багытта Б. Юнусалиев, Ж. Мукамбаев, С.Давлетов ж.б. тарабынан «байланыштуу кеп», «сөз өстүрүү» сабактары аркылуу кеп маданиятын окутуунун методикалык негиздери калыптандырылган. Аталган сабактар окуучуларды сөздөрдү туура, орду менен колдонууга, өз ойлорун логикалык ырааттуулукта билдирүүгө үйрөтөт.

Кеп маданияты адабий тилдин коомдук функциясын камсыз кылуучу фактор катары каралат. Анын негизги көрсөткүчтөрү – туура сүйлөө, так ойлоо, сүйлөмдү стилдик жактан туура түзүү жана сөздөрдү ыктуу тандоо. Башталгыч класстын окуучулары бул жөндөмдөрдү окуу куралдары, көркөм чыгармалар жана практикалык тапшырмалар аркылуу өздөштүрүшөт. Бул жерде мугалимдин ролу өзгөчө – ал ар бир окуучунун сүйлөө активдүүлүгүн өнүктүрүп, кептик кырдаалга ылайык туура реакция жасоосуна багыт берип турушу керек.

Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутууда окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүү, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, эмоционалдык жана баалуулук мамилелерди сөз аркылуу билдире билүүсү – булар баары кеп маданиятынын калыптанышына өбөлгө болот. Ошол себептен да башталгыч класстын программасына атайын кеп маданияты боюнча тапшырмалар, логикалык көнүгүүлөр, көркөм сөздүн элементтери киргизилип, диалог түзүү, баян жазуу, оюн ачык айтууга багытталган методикалар колдонулушу керек.

Кеп маданияты боюнча изилдөөлөр орус жана түрк тилдеринде да кеңири жүрүп келет. Мисалы, М.В. Ломоносов, Б.Н. Головин [3], Л.И. Скворцов, Ф.К. Сагдеева сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде кеп маданиятынын лингвистикалык жана педагогикалык аспекттери кеңири талданган. Казак тилинде болсо Р.Сыздыкова, Н.Уалиев, А.Байтурсыновдор кеп маданиятын улуттук маданий мурас менен айкалыштырып изилдешкен. Бул эмгектер башталгыч класстар үчүн адаптацияланып, окутуунун мазмунуна киргизилиши кыргыз тилинин функционалдык өнүгүүсүнө да салым кошот.

Ал эми түркологияда кеп маданиятынын маселелери алгылыктуу деңгээлде иликтөөгө алына баштады. Алсак, татар окумуштуусу

Ш.К.Асылгараевдин «Окуучуларды маданияттуу сүйлөөгө тарбиялоо», [1] Ф.К. Сагдееванын «Проблемы культуры татарской речи в условиях активного двуязычия» [2] эмгектеринде кеп маданиятынын айрым бир теориялык маселелери, норма жана анын түрлөрү, кош тилдүүлүк маселелери каралган.

Тактап айтканда, башталгыч класстардын окуучуларына кеп маданиятын үйрөтүү – бул жөн гана тилди үйрөтүү эмес, бул баланын дүйнө таанымын кеңейтүү, коомдук карым-катнашка туура аралашуусуна жардам берүү, интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү маанилүү процесс. Кыргыз тилинин улуттук адабий тил катары сакталышы жана өнүгүшү дал ушул башталгыч билим берүү этабындагы сапаттуу окутууга түздөн-түз байланыштуу [4]. Ошондуктан педагогдор кеп маданиятынын методикасын терең өздөштүрүп, аны окуу процессинде системалуу жана натыйжалуу колдоно билүүгө тийиш.

Кеп маданиятын үйрөтүүнүн башаты, албетте, үй-бүлөдө башталып, мектепте системалуу улантылышы керек. Башталгыч класстардын окуучулары жаш өзгөчөлүгүнө жараша тилдин функционалдык мүнөзүн, нормаларын толук аңдай алышпагандыктан, алардын түшүнүгүнө ылайыктап берилген методикалык багыттар өзгөчө мааниге ээ [5]. Бул баскычта, мисалы, сөздөрдүн так жана ылайыктуу колдонулушу, сылык-сыпаа сүйлөө, сүйлөшүүдө жана жазууда орунсуз кайталоолордон качуу, ойдун туюмдуулугу сыяктуу элементтерге өзгөчө көңүл буруу зарыл. Ошол эле учурда, элдик оозеки чыгармалар, макал-лакаптар, жомоктор аркылуу балдардын тилдик кыялы байып, улуттук наркка шайкеш кеп маданияты калыптанат.

Педагогикалык процессте окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн жана эстетикалык даамын өстүрүү менен кеп маданияты тыгыз байланышта экенин эске алуу керек [6]. Маселен, кептин мазмундук терендиги менен катар, анын форма жагынан дагы үндүүлүгү, көркөмдүгү, стилдик ыңгайлуулугу окутууда маанилүү орунду ээлейт. Бул жагдайда мугалимдин ролу абдан чоң. Ал окуучуларды кептин табиятын түшүнүүгө багыттап, аларга адабий тилдин мүмкүнчүлүктөрүн туура пайдаланууну, сөздүн контексттик ыңгайына ылайык келтирип сүйлөөнү үйрөтүүгө тийиш.

Ошондой эле, башталгыч класстарда кеп маданиятын окутууда оюн элементтери, ролдук оюндар, көркөм окуу, драмалаштыруу сыяктуу иш-методдор натыйжалуу болуп саналат [7]. Бул ыкмалар балдардын кызыгуусун арттырып гана тим болбостон, алардын оозеки жана жазма кеп формаларында эркин, маданияттуу пикир билдирүү жөндөмүн өнүктүрөт. Балдар өз оюн айтууга жана башка бирөөнүн сөзүнө маданияттуу мамиле жасоого, пикир келишпестик учурунда маданий карым-катнаштын жолдорун издөөдө көндүм алышат.

Кеп маданияты дегенде алгач мугалим өзүнүн кебинде тилдик норманы сактап, логикалык ой-пикирди, аң-сезимди ишке ашыруудагы тандалган форма жана чыныгы табит сыяктуу үч бирдиктин биримдигинен чыккан сүйлөө чындыгын түшүнүү керек. Айтылган ойдун угуучуга жеткиликтүүлүгү, түшүнүктүүлүгү, сүйлөөнүн ачыктыгы, тактыгы, логикалуулугу мыкты сүйлөөнү аныктайт. Окуучулардын кебинде сүйлөө техникасынын туура сакталышына көңүл буруу керек. Сүйлөөнүн техникасы дегенде туура дем алууну, демди (сүйлөөнүн физиологиялык негизин), үндү (үндүн бийиктиги, узундугу, таралуу чегин) туура, так дикцияны (үндүн таза, сөздөрдүн так, даана айтылышы) өз ичине камтыйт [9]. Алгач окуучулардын кебин өнүктүрүүдөн мурда нормага ылайык сүйлөп, жаза билүү, көркөм, так, таза, логикалуу, кыска, ыктуу сүйлөө – ар бир адистин милдети. Окуу пландарында, программаларында кеп маданияты милдеттүү материал катары атайын бөлүнгөн саат көлөмүндө окутулуп келе жатат. Окуучунун кебинин тактыгына, тазалыгына, тууралыгына, көрктүүлүгүнө жана байлыгына жетишүү бир гана кыргыз тили мугалими чече ала турган маселе эмес. Ага курчап турган чөйрө, тактап айтканда ага ата-энелеринин да кебинин тазалыгы, тактыгы, тууралыгы орундуу сүйлөөсү жана кебинин бай болуусу максатка ылайык келмек. Ошондуктан окуучулар менен иштөөдө мугалимдин газета, журнал, аудио-тасмаларды, сүрөттөрдү көркөм адабияттын үлгү болорлук мыкты материалдарын сабакта пайдалануусу, алардын кебинин көрктүү, туура, так, таза болуусу үчүн кам көрүп, кыргыздын бай фольклорун, андагы мазмундуу, көрктүү накыл кептерин, чечендик, элдик акылман учкул сөздөрүн, айтыштарды сабакта колдонуу кеп маданиятын өнүктүрүүдөгү негизги ыкма деп эсептейбиз. Окуучулардын кебинде сүйлөө техникасынын туура сакталышына да көңүл буруу керек. Айрыкча көркөм чыгармалар менен иштөөдө туура дем алуу,үндүн тембри, дикциянын сакталышына маани берүү керек. Көркөм окуу менен машыгуу жүргүзүп, ошол

эле учурда окуган чыгарманы кайрадан техникалык каражаттардын негизинде (аудио-китептерди) уктуруп, салыштыруу, анализ жүргүзүү керек.Үндүн тексттин мазмунуна жараша, сүйлөмдүн айтылыш максатына карай, каарманга карай үндүн тембри (кубануу, кайгыруу, толкундануу) да өзгөрүп туруусу керек. Өтө катуу же жай окуу бир түрдүүлүктү билдирет. Ошондуктан үндүн ар түрдүүлүгү угуучуларга көркөм, уккулуктуу кабылданат. Мугалимдин кебинде да сөздөрдү туура, так, түшүнүктүү колдонуу керек. Анткени анын сөзү балдар үчүн үлгү катары колдонулат. Ошондой эле мугалим шашпай, түшүнүктүү кылып өзүнүн сөзүнөн эч кандай каталык кетирбөөгө аракет кылуусу керек. Окуучулар үчүн мугалимдин айтканы негизги туура маалымат катары кабыл алышат. Ошондуктан мугалим кебинде ката кетирбөө негизги милдети болуп эсептелет. Ушул эле учурда жөнөкөйдөн татаалды карай б.а. кептин формаларын, стилдерин,типтерин өздөштүргөндөн кийин кептин коммуникативдик сапаттарын да өздөштүрүү керек.

Башталгыч класстын окуучуларынын түшүнүгүн бекемдөө үчүн кеп маданиятынын баскычтарын ажыратып, алардын мааниси, туура колдонууда кандай маселелерди ичине ала тургандай, ар түрдүү көнүгүүлөрдү, грамматикалык талдоолорду иштеп чыгууга тийиш. Андан кийин кеп маданиятынын баскычтарына карата окуучулардын өз алдынча иштеши үчүн бир нече жөнөкөй сүйлөмдөрдү түздүрүү керек [10]. Тексттин үстүндө иштөөдө окуучулар өздөрүнүн кебин өздөштүрүп, үлгү боюнча кыскача кат, кыскача аңгеме жазышып аягында талдоого өтөт. Бул учурда окуучулар тексттин өзүн кайталап окшоштурбайт, алар анын түзүлүшүн түзгөндү үйрөнүшөт, бирок алардын сөз байлыгы, грамматикалык курамы жана мазмуну башкача болот. Бул ыкма боюнча окуучуларга – кыскача дил баян, сүрөт боюнча кайтарым байланыш, кыска баяндама тапшырса кызыктуу да, жемиштүү да болот. Ал үчүн ар бир ишаракеттин түрлөрүнө схема же болбосо кандайдыр бир тапшырма берилет. Мисалы: “Акылдуу аз сүйлөп, көп тыңшайт”, “Акылмандын сөзү кыска, айта салса нуска” деген элдик чечен сөздөрдү ар бир окуучу чечмелөө менен толукташы керек. Демек, тилди окутуудагы эң башкы максат бул - окуучуларды өз алдынча оозеки, жазуу жүзүндөгү тексттерди түзүүгө, диалог, монолог аркылуу коммуникативдик компетенттүүлүктөргө ээ болуу, байланыштуу кептин ыкмаларын өздөштүрүү менен чечендик кептин (риториканын) сырларын таанып билүү деңгээлине чейин өнүктүрүү болуп эсептелет.

Биздин максат окуучуларды логикалык жактан байланышкан, орундуу диалог жана монолог кебин түзүүгө үйрөтүү болгондуктан, бул багытта биз ачык-айкын натыйжаларга жетишүү үчүн байланыштуу кептин, кеп маданиятынын көйгөйлүү маселелеринин бири болгон окуучулардын оозеки, жазуу кеп маданиятын калыптандыруу үчүн ар кыл кеп үлгүлөрү менен иштөөгө машыктыруубуз керек. Баарыбызга белгилүү болгондой эле күнүмдүк турмушубузда айткан сөзүбүздү, сүйлөгөн кебибизди ар кайсы кырдаалга, шартка жараша түзөбүз.

Кеп маданиятына багыт алып кыргыз тилин окуп жаткан балдарга, сабак учурунда мугалимдер жандуу баарлашууларды, кеп үлгүлөрүн, кырдаалдарга балдардын жашоо-турмушуна ылайыктап көбүрөөк түзүп берүүлөрү зарыл.

Ошондо гана окуучу ар кыл чөйрөлөргө ылайыктуу ой жүгүртүп сөз байлыгы да улам өсө баштайт. Натыйжада, сүйлөө иш аракетине бардык окуучулар демилгелүү катышат жана мугалим да балдар менен чогуу аралашып, аларга туура багыт берип, үлгү көрсөтөт. Оозеки, жазуу кебин өнүктүрүү үчүн окуу процессине мугалим жактан тандалган материал (көргөзмө куралдардын түрлөрү, текст, сүрөттөр ж.б) таасир этет. Бирок негизгиси болуп кеп маданиятын үйрөнүүдө - тил чөйрөсү, атайын түзүлгөн кырдаалдар, жагдайлар жана тилди үйрөнүүгө түзүлгөн педагогикалык шарттар чоң роль аткарат. Окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүп, сүйлөө кебин өркүндөтүү, монолог, диалог, текст талдоо менен катар тилге карата айтылган ата-бабалардан келе жаткан таалим тарбиялык маанидеги элдик чечен сөздөрдөн, накыл кептерден дидактикалык материал катары кеңири пайдалануу зарыл.

Кеп маданиятынын талап багыттарын анын маанисин толук түшүнгөн учурда гана окуучу аны өз кебинде пайдалана алат. Ошондуктан, өзү байкап, көрүп турган предметтин белгилерин өз алдынча табууга багыттоо керек. Мисалы, окуучуга терезеден сыртты карап, спорт аянтчасы жөнүндө сүрөттөп жазуу тапшырмасын берүү талапка ылайыктуу. Балдар коллективдүү түрдө көргөн спорт аянтчасындагы көрүнүштү жаза башташат.

Аянтча (кандай?) кенен, кооз.

Дене тарбиянын пайдасы: ден соолукту чыңдайт.

Спорттун кандай ийгиликтери болушу мүмкүн: чемпион болууга шарт түзөт.

Спорттун кандай түрлөрү бар: Күрөш, чуркоо, сууга түшүү, бийиктиктен секирүү ж.б.

Ушул өңдүү суроолорго окуучулардан жооп алгандан кийин дене тарбиянын пайдасы деген көнүгүүнү окуп чыгып ушул текстте кеп маданияты жана анын норма эрежелери сакталганбы? деген суроо узатабыз:

Физкулътуранын пайдасы эмнеде? Дене тарбияны чыңдоодогу спорттун пайдасы кандай? 4-класста окуучулар сөз, сүйлөм менен ар тараптан таанышышса да, ал сүйлөмдөрдүн маанилик жактан туура куралып түзүлгөндүгүнө аз маани беришкендиги байкалат. Айрым окуучулар сүйлөмдөрдүн курулушун туура ажыратса, айрымдары туура эмес ажыратышып кыйналган окуучулар кездешпей койбойт.

Демек окуучулар көнүгүүлөрдү талдоодо тексттерде айрым сөздөр ыксыз кайталанып, кеп курулушу туура эмес болгондуктан, андай тексттер оозеки, жазуу кеп маданиятына өзүнүн таасирин тийгизүү менен кебибизди жардылантаарына, ошондон улам так, туура, логикалуу, көркөм сүйлөп жана жазууга умтулуунун зарылдыгын туюнушат. Анын билимге болгон мамилесин заманбап педагогикада колдонуу окуучулардын тарбиясын жана билим сапатын жогорулатууга чоң өбөлгө түзөт” [11].

Ошентип, башталгыч класстарда кеп маданияты боюнча түшүнүктүн негизин түзүү – тилди өздөштүрүүнүн башкы баскычы. Бул багытта теориялык негиздер менен бирге, практикалык көндүмдөрдү да калыптандыруу – учурдагы билим берүү системасынын актуалдуу маселелеринин бири. Анткени, тил жана кеп маданияты – улуттук өзгөчөлүктүн, маданий мурастын жана коомдук аң-сезимдин көрүнүшү. Ошондуктан, бул түшүнүктү башталгыч класстардан баштап аң-сезимге сиңирүү аркылуу биз маданияттуу муунду калыптандыруунун пайдубалын түптөйбүз.

Илимий жана методикалык жактан негизделген, заманбап билим берүүнүн талаптарына ылайыкташтырылган кеп маданиятын үйрөтүү системасы аркылуу башталгыч класстардын окуучуларын сапаттуу тилдик даярдыктан өткөрүп, алардын жалпы өнүгүүсүнө салым кошуу – тил илими менен педагогиканын кесилишиндеги негизги милдеттердин бири катары каралышы керек.

**Колдонулган адабияттар**


1. Асылгараев Ш.Н. Синтагматическое членение татарской речи (экспериментально-фонетическое исследование): Автореф. дис. . .канд. филол. наук / Ш.Н.Асылгараев. Казань, 1968. — 22 с.
2. Сагдеева Ф. К. Проблемы культуры татарской речи в условиях активного двуязычия: автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата филологических наук: специальность 10.02.02 - языки народов Российской Федерации (татарский язык) https://dspace.kpfu.ru/xmlui/handle/net/116731
3. Головин Б.Н. Основы культуры речи. - М., 1987.
4. Дүйшеев Ж. Сүйлөө маданияты жана стилистика.- Б.,2016.
5. Мамлекеттик тилди окутуунун актуалдуу маселелери. Б. 2017. 140-бет, 165-бет
6. Мусаев С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери. - Б., 1993.
7. Мусаева В. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуунун илимий-методикалык негиздери. 5-11-кл. Монография. Б. "Гүлчынар" 2009. 5-бет
8. Токоев Т.Т. Тил жана сүйлөшүү проблемасы.- Б.,2012
9. Уметалиева Т.У. Кеп маданияты жана норма.- Б.,2021.
10. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Окутуу методдору. Б. 2007. 55-бет.
11. Конгайтиева, С.А. Жусуп Баласагын жана заманбап педагогика / С.А. Конгайтиева, Н. Ш. Файзуллаев // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – №3(119). – Р. 18-23. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119) -18-23. – EDN DLFLQC.
12. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. 2024. № 3 (119). С. 38-45. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=74919223


**Рецензент: ф.и.к. Устабаева Г.К.**